**УДК 81’276.**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/1-226-234**

**Камилжан кызы К.**
окутуучу
академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Ош ш.
kamilzhan92@bk.ru

# ИЛМЕ ДОС САЙМАСЫН ИЙНЕ ЖАНА КРЮЧОК МЕНЕН АТКАРУУНУН МЕТОДИКАСЫ

**Аннотация:** Изилдөөнүн предмети - көркөм кол өнөрчүлүк искусствосунун бир бөлүгү болгон “илме дос” саймасын аткарууну жогорку окуу жайдын студенттерине үйрөтүү болуп эсептелет. Изилдөөнүн максаты – кыргыз улуттук колдонмо өнөрүнүн түпкүсү болгон көчмөн калкыбыздын үй-ичин жана колдонгон буюмдарын кийген кийимдерин саймачылык менен кооздошкон, көркөмдөп кооздоодо кеңири колдонгон саймачылыкты кийинки муундарга үйрөтүүдө ыңгайлуу жана жаңы ыкманы колдонуп жеткиликтүү жолдор менен үйрөтүүнүн жөнөкөй методдун иштеп чыгуу болуп саналат. Изилдөөлөр педагогикалык байкоо жүргүзүү жана окутуу меттоддорунун жардамында аткарылган. Сунушталып жаткан окутуу ыкмасында илме дос саймасын кийимдерде, буюмдарда колдонулушу. Сайманы ынгайлуу аткарууда негизги колдонулган куралдар көрсөтүлдү. Кол ийне менен аткаруудагы оңгой ыкмасы этаптары көрсөтүлдү. Крючок колдонуп сайманы аткарууда этаптарга бөлүнүп, ар бир этаптын схмалары менне көрсөтүлүп берилди. Студенттердин сайманы оңой үйрөнүүнү жана декоративдүү колдонмо искусствосу таалимине байланыштуу сабактардын теорияны жана практиканы айкалыштыруу менен терең өздөштүрүүсүнө жардам берет.

**Негизги сөздөр:** колдонмо-жасалга өнөрү: көркөм сайма крючок, орнамент, декор, панно, шакекче, тепчим

**Камилжан кызы К.**
преподаватель
Ошский технологический университет имени академика М.М. Адышева
г. Ош
kamilzhan92@bk.ru

# МЕТОДИКА ВЫПОЛНЕНИЯ ВЫШИВКИ ИЛМЕ ДОС С ПОМОЩЬЮ ИГЛЫ И КРЮЧКА

**Аннотация:** Предмет исследования – обучение студентов высшего учебного заведения выполнению вышивки “ильме дос”, как одному из видов декоративно-прикладного искусства.

Цель исследования- в декоративно-прикладном искусстве кыргызского кочевого народа вещи, используемые в быту и одежда украшались вышивкой. Целью является разработка простой методики доступного обучения последующих поколений вышивке, широко используемой в художественном оформлении, с применением удобного и нового методов. Исследования проводились с помощью проведения педагогического наблюдения и

методов обучения. В предлагаемой методике обучения вышивка “ильме дос” применяется в одежде и различных вещах. Для выполнения вышивки представлены основные используемые приспособления. Показаны этапы простой методики изготовления ручной вышивки с помощью иглы. Выполнение вышивки с помощью крючка разделено на этапы, каждый этап представлен в виде схем. Это поможет студентам легко обучиться вышивке, а также в обучении их дисциплинам, связанным с предметом декоративно-прикладное искусство, посредством взаимосвязи теории и практики.

**Ключевые слова:** декоративно-прикладное искусство, художественная вышивка, крючок, орнамент, декор, панно, стежок

**Kamilzhan kyzy K.**
teacher
Osh Technological University named after acadamik M.M. Adyshev
Osh c.
**kamilzhan92@bk.ru**

## ILME DOS EMBROIDERY TECHNIQUE USING A NEEDLE AND A HOOK

**Annotation:** Abstract the subject of the study is the teaching of students of a higher educational institution to perform embroidery “ilme dos” as one of the types of decorative and applied art.


The purpose of the study is that in the decorative and applied arts of the Kyrgyz nomadic people, things used in everyday life and clothes were decorated with embroidery. The aim is to develop a simple methodology for accessible training of subsequent generations in embroidery, widely used in decoration, using convenient and new methods. The research was conducted through pedagogical observation and teaching methods. In the proposed teaching method, embroidery “ilme dos” is used in clothing and various things. The main devices used for embroidery are presented. The stages of a simple technique for making hand embroidery using a needle are shown. Embroidery with a hook is divided into stages, each stage is presented in the form of diagrams. This will help students easily learn embroidery, as well as in teaching them disciplines related to the subject of decorative and applied arts, through the interconnection of theory and practice.

**Key words:** decorative and applied art, artistic embroidery, hook, ornament, decor, panel, stitch

**Сайма (вышивка)** Буюмдарды жасалгалоо үчүн алардын бөлүктөрүнүн бетине тигилген көркөм сүрөттөр, оюм-чийимдер, орнаменттер жана башкалар сайма деп аталат. Сайма - кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгүнүн илгертен бери кеңири тараган түрлөрүнүн бири. Буюмдарды жасалгалоого кыргыз эли ар түрдүү сайма тигиштерди колдонгон. Илме дос саймасын башка саймаларга салыштырмалуу, кыргыз ууз-чеберлери көп колдонгон сайма тигиш экендигин кыргыз улуттук костюмдарынан көргөзүп турат.

Илме дос саймалары 18-кылымдан тарта тараган сайма тигиш катары белгилүү. 19-кылымда илме дос сайма тигишин кездемеге аткаруу (тигүү) үчүн кездемени атайын тегерек шакекчеге (обручка) керишкен. Кездеме керилген шакекче барабанга окшошуп калгандыктан, илме дос саймасынын эл аралык аталышы “тамбур” саймасы деген аталыш келип чыккан. “Тамбур” француз тилинен «барабан» дегенди билдирет.

Илме дос сайма тигиши эң жөнөкөй бир жиптүү тизмек тигиш болуп эсептелет. Башкача айтканда тигишти түзгөн ар бир илмекче өзүнүн алдында турган илмекченин ортосунан өтүп, бири бири менен байланышкан илмекчелердин тизмегин-илме дос сайма тигишин түзөт 1-сүрөт.



**1-сүрөт. Илме дос сайма тигиштин түзүлүшү**

Илме дос сайма тигишинде илмекченин (тепчимдин) узундугун ар түрдүү өлчөмдө кыска же узун багытта аткарса болот.

### 1.1 Илме дос сайма тигиштин колдонулушу

Илгертеден бери, кыргыз эли сайманы колдонуп кийимдерин, кыздардын сеп буюмдарын, үй тиричилик жана башка буюмдарын кыргыз үйүн жасалгалашкан. Көчмөн калкыбыздын боз үй ичинде пайдаланган буюмдары сайма тигиштер менен көркөм жасалгаланып келген. Кыргыз кызы турмуш жолуна узатканда апасы тарабынан берилүүчү көшөгө маани мазмуну бар философиялуу саймалар менен жасалгаланган.

Азыркы учурда көчмөн ата-бабаларыбыз колдонгон буюмдар көп колдонулбай калгандыгына байланыштуу аларды музейлерден жана элдик көркөм өнөр көргөзмөлөрүндө көрүүгө болот.



**2-сүрөт. Саймалар менен кооздолгон кыздардын заманбап костюму**



Кыргыз кызын турмуш жолуна узатканда апасы тарабынан берилүүчү көшөгө маани мазмуну бар философиялуу саймалар менен жасалгаланган.

**3-сүрөт. Туштук**

Сайма эң көп колдонулган тармак болуп жеңил өнөр жай тармагы эсептелет. Кийимдерди, костюмдарды, коллекцияларды жана башка жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарын жасалгалоого, сайманы байыркы доорлордон бери, дүйнөнүн баардык элдери колдонгон.

Заман талабына байланыштуу учурда кыргыз эли колдоно баштаган буюмдар: скатет, диван, керебет жана башка буюмарга жапкычтар, театр костюмдары, салтанат кийимдери сайма менен коосдолууда. Сайма кеңири колдонулган чөйрөгө аксессуарларды коосдоо жана сайма менен аксессуарларды жасоо кошулду. Жасалгалоо үчүн илинген сайма паннолорду мекемелердин, офистердин, кафе жана ресторандардын жана башка ишканалардын интерьерлеринен жолуктурууга болот .



**4-сүрөт. Саймадан панно**

### 1.2 Илме дос сайма тигишти аткаруу үчүн колдонулуучу куралдар

Илме дос сайма тигишин ийне же крючок менен тигилет. Сайманын жана кездеменин түрүнө байланыштуу илме дос сайма тигишти тигүүгө крючоктун төрт түрү колдонулат, алар люневил, индия, тилчелүү крючоктор жана адаттагы токуу крючогу.

Сайма тигүүгө ийне кездеменин түрүнө байланыштуу тандалат. Кол иштери аткарууга анын ичинде сайма тигүүгө GAMMA фирмасынын ийнелерин колдонуу ыңгайлуу. Канва кездемесине сайма учсуз (дөңчө учтуу) ийнелер менен тигилет.

Илме дос сайма тигишин тигүүгө кеңири колдонулган крючок болуп адаттагы токуу крючогу эсептелет. Крючокту тандоо кездеменин тыгыздыгына жана сайманын жибине байланыштуу болот. Тыгыз жана калың кездемелерге илме дос саймасы крючок менен тигилет.

«Тамбур» деген аталышыда белгиленгендей, сайма тигилүү үчүн кездеме тегерек же төрт бурчтук формадагы кергичке (пяльцы) тартылат. Кергичтин түрлөрү көп жана чон өлчөмдүү кездемени керүү үчүн атайын станоктор колдонулат. Кергич сайманын сүрөтүнүн өлчөмдөрүнө байланыштуу тандалып алынат.




**5-сүрөт. Тоголок жана төрт бурчтуу кездеме кергичтер**

### 1.3 Илме дос саймасын ийне менен тигүү

Илме дос саймасын ийне менен эки ыкмада тигүүгө болот. Ар бир чебер өзү көнүп калган ыкма менен тигет. Бул ыкмалардын кайсынысы менен тигүү оңой же татаал экендиги боюнча чеберлердин сунуштары жана ой-пикирлери маалымат каражаттарында жок.


Биринчи ыкма менен сайманын бир тепчиминин жана тигиштин аткарылышы (6-сүрөт).




**6-сүрөт. Илме дос саймасын ийне менен тиүүнүн биринчи ыкмасы**

Ийне **1-** точкада кездемени көзөп кездеменин оң бетине жипти тартып чыгат. Тартылып чыкан жиптин илмекчесин, кездеменме бетине 6-сүрөттө көрсөтүлгөндөй формада жаткырылып сөмөй менен басылат. **1**-точканын жанынан, башкача айтканда **2-** точкадан ийне кездемени көзөйт, бирок кездемени толук көзөп өтбөйт. Ушул абалында ийне, кездеменин бетиндеги жиптин илмекчесинин ортосуна, башкача айтканда **3**-точкадан кздемени көзөп, кездеменин оң бетине чыгат. Жиптин кездеменин бетиндеги бошоңу тартылып алынып тигиштин илмекче түзүлөт. Башкача айтканда тигиштин илмекчесин (тепчимин) аткару аяктайт. Ушундай ирээтте тигиштин кезектеги илмекчелери аткарылып сайма тигиш тигилет.

Экинчи ыкма менен сайманын бир тепчиминин жана тигиштин аткарылышы (7-сүрөт).




**7-сүрөт. Илме дос саймасын ийне менен тиүүнүн экинчи ыкмасы**

Ийне кездемени тескери бетинен оң бетине жана оң бетинен тескери бетине көзөп өтүп, сайманын түз **1-2** тепчимин аткарат. Кездеменин тескери бетинен ийне кездемени көзөп **3-** точкадан жипти кездеменин бетине тартып чыгат. Андан кийин ийне **1-2** тепчиминин астынан өтүп, кездемени кайрадан 3-точканын жанынан көзөп, кездеменин тескери бетине өтөт. Кездеменин оң бетиндеги жиптин бощоңу тартылып алынып илмекче формасына келтирилет. Башкача айтканда тепчимди аткаруу аяктайт. Тигиштин кезектеги жана андан кийинки тепчимдери дагы ушундай ирээтте аткарылат, бирок ийне жипти түз тепчимдин астынан эмес катарда өзүнүн астында турган илмекченин астынан тартып өтөт.

**1.4 Илме дос саймасын крючок менен тигүү**

Илме дос сайма тигишин крючок менен аткарууну билүү үчүн тигиштин бир тепчимин аткарууну билүү жетиштүү. Себеби ар кандай тигиш окшош тепчимдердин кайталануусунун тизмеги болуп эсептелет. Илме дос саймасы боюнча чеберлер көрсөткөн масер класстарды анализдөөнүн негизинде, илме дос саймасы тигиштин тепчимин аткаруу операциясы алты аткарылыштан тургандыгы аныкталды жана алар 1-таблицада сүрөттөрү менен бирге көрсөтүлдү.

**1- Таблица. Илме дос сайма тигиштин тепчиминин аткарылыштары**

Иш аткаргычтардын аталыштары. Аткарылыштын көрүнүшү

Кездемени көзөө переходу

1-тутка,


2-орнткуч,

3-бурама же ачкыч,

4- кездеме ,


5- крючоктуу ийне,

6- жип.




Ачкычты тигиштин багытына туштап, тутканы вертикалдык абалда кармап, ийне менен кездемени көзөө.

Ийнеге жипти ороо




Колдо кармалып турган жиптин учун, сааттын жебесине каршы багытта ийнеден 360 градуска айландырып өтүү.

Крючокко жип илүү




Ийнеге айландырылган жиптин учун, төмөн көздөй веттикалдык кыймылга келтирип жипти ийненин крючогуна илүү.

Крючокту айландыруу




Тутканы сааттын жебесинин багыты боюнча 180 градуска бурап, ачкычты тигиштин багытына каршы багытка келтирүү.

Кездемедеги көзөөнү чоңойтуу



Ийненин крючогу кездемеге жеткенге чейин, ийнени тигиштин багыты боюнча кездемеге түртүп (басып) кездемедеги ийненин көзчөсүн чоңойтуу.

Кездемеден ийнени чыгаруу жана кезектеги тепчимда аткарууга даярдануу.



Ийненин крючогуна илинген жиптин илмекчесин кездеменини козөнөгү жана кездеменин бетиндеги алдыңкы тепчимдин илмекчесинин ортосунан тартып өтүү; тутканы 180 градуска буроо аркылуу ачкычты тиштин багытына тущтоо менен бирге крючокко илинген жиптин илмекчесин созуп ийненин учун кезектеги тепчим үчүн кездемеде көзөлүүчү тигиштин сызыгына туштоо.

Жиптин учун жана тигиштин учун кездемеге бышытуу үчүн тигиштин башталышында жана аягында узундугу 1-2 мм болгон кыска үчтөн тепчимдер аткарылат.

**Колдонулган адабияттар тизмеси**

1. Акматалиев А. Кыргызское декоративно-прикладное искусство. Фрунзе: Литература, 1989. – С.145.

2. Юсусеева Н., Ысаева Н., Капалбаев О. Национальная идея в истории Кыргызстана. Бишкек: 2017. – С.488.

3. Д.Б. Бабаев, Камилжан кызы Кандалат. Методика обучения студентов умению вышивать в контексте национального прикладного искусства кыргызского народа. 2023. – С.64-68.

4. Швецова О.В. Особенности обучения студентов среднего профессионального образования художественному вышиванию как педагогическая проблема // Традиционно-прикладное искусство и образование. 2021. № 3. Т. 42. – С. 169-177

5. https://www.youtube.com/watch?v=VxXco32nLO4. 5. инструментов для тамбурнойвышивки.Тамбурныйшовhttps://www.youtube.com/watch?v=Qxu9Oer8emc Тамбурный шов «цепочка» люневильским крючком.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Сапарбаева У.Ч.**